Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2021-жылдын ________
№ 01-26/ токтому менен
бекитилген

**“КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2021-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИ ЖАНА 2022-2023-ЖЫЛДАРГА БОЛЖОЛУ ЖӨНҮНДӨ “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ” КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУНА КАРАТА**
**КОРУТУНДУ**

Киргизилген өзгөртүүлөр, “2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 28-июнундагы №47 токтомуна ылайык даярдалды жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кезектеги кырдаалынын өзгөрүшү менен берилди, ага ылайык, 2021-жылы ИДПнын реалдуу өсүүсү, экономиканын бардык тармактарында өсүү темпинин басаңдашынын жана инфляциянын 4,0%га өсүүсүнүн эсебинен, 5%га бекитилген өсүүгө каршы, 3,2% деңгээлинде болжолдонууда.

**1-таблица. 2020-2023-жылдарга негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр**

| | 2020-жылга жылдыруу фактысы | 2021-жылга күтүлгөндөр | | |
|---|---|---|---|---|
| | | КРӨнүн 01.09.20-жылдагы №461 токтому менен бекитилген | КРӨнүн 28.06.21-жылдагы №47 токтому менен такталган | Четтөө (+/-) |
| Номиналдуу ИДП, млн. сом. | 598 344,5 | 635 040,7 | 643 629,4 | 8 588,7 |
| Реалдуу ИДП % | 91,4 | 105,0 | 103,2 | -1,8 |
| Инфляция, (өткөн жылдын декабрына карата %да) | 109,7 | 104,9 | 108,9 | 4,0 |
| ИДПга карата республикалык бюджеттин кирешелеринин үлүшү % | 22,5 | 27,2 | 29,2 | +2,0 |
| Республикалык бюджеттин чыгымдары | 25,8 | 28,5 | 32,2 | +3,7 |
| ИДПга карата тартыштык | 3,3 | 1,2 | 3,0 | +1,8 |

## РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕЛЕР БӨЛҮГҮ БОЮНЧА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

Бул долбоордо өсүү темпинин 1,8%га төмөндөөсү менен, республикалык бюджеттин мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен жалпы кирешелер, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 8,8%га же 15 297,9 млн сомго жогорулаган жана 188 189,6 млн сом суммасында белгиленген.

Республикалык бюджеттин салык кирешелери, баштапкы бекитилген көрсөткүчтөрдү 4,4%га же 5673,9 млн сомго жогорулатуу менен, 132 749,1 млн сом суммасында болжолдонууда.

Салык кирешелери боюнча төмөндөгүдөй түзөтүүлөр киргизилген:

- акциз салыгы - 715,6 млн сомго, майнинг салыгы – 395,0 млн сомго азайтылган;

- Кыргыз Республикасынын резидент эмес адамдарынын кирешелерине салык - 300,0 млн сомго, киреше салыгы - 1 300,0 млн сомго, алтын өндүрүүчү компаниялардын киреше салыгы - 1 860,8 млн сомго, КНС - 377,7 млн сомго, сатык салыгы - 200,0 млн сомго, жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык - 1 045,9 млн сомго, эл аралык соода жана тышкы операциялар боюнча салыктар - 1 700,0 млн сомго (ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнөн келип түшкөн, тыштан келтирилгендерге бажы алымдары - 2 032,0 млн сомго көбөйтүлгөн жана бажы алымдары – 332,0 млн сомго азайтылган).

Республикалык бюджеттин расмий трансферттеринин келип түшүүлөрү, төмөндөгүлөрдүн эсебинен 3 165,7 млн. сомго азаюу менен, 14 924,2 млн сомго болжолдонууда:

- Азия өнүктүрүү банкынын "Экономикалык диверсификациялоо программасы" грантын - 3 340,5 млн сомго, Европа Бирлигинин "Билим берүү секторун колдоо" грантын - 56,1 млн сомго, мамлекеттик инвестицияларды - 1 014,9 млн сомго азайтуу;

- Дүйнөлүк банктын 106,3 млн сом суммасындагы "Натыйжалардын негизиндеги программа" грантын алып салуу;

- Европа Бирлигинин "Санариптештирүүнү өнүктүрүү" грантынын келип түшүүсүн 514,3 млн сомго көбөйтүү;

- Россиянын пландалбаган 837,8 млн сом грантынын келип түшүүсү.

Республикалык бюджеттин салыктык эмес келип түшүүлөрү, төмөндөгү өзгөртүүлөрдүн эсебинен бекитилген көрсөткүчтөрдөн 1,5 эсе, же 12 789,7 млн. сомго жогорулатуу менен 40 516,3 млн сомго болжолдонууда:

- мүлк ижарасын 37,5 млн сомго, радио жыштык спектрин пайдалангандыгы үчүн жыйымдарды - 170,0 млн сомго, сертификаттарды жана башка уруксат берүүчү документтерди берүү үчүн мамлекеттик алымды - 40,0 млн сомго азайтуу;

- берилген бюджеттик ссудалар жана кредиттер боюнча пайыздарды - 279,4 млн сомго, акциялардын мамлекеттик пакетине эсептелген дивиденддерди - 1 000 млн сомго, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кирешелерин - 3 636,3 млн сомго, пайдалуу казып алынуучу кен чыккан жер казынасын же казып алынуучу отунду пайдалануу укугуна жыйымдарды - 31,0 млн сомго, радио жыштык спектринин тилкесин пайдаланууга конкурс өткөрүүдөн келип түшүүлөрдү – 1 078,3 млн сомго, баалуу металлдардан жасалган зергердик жана башка турмуш-тиричилик буюмдарын пробалоо, аскердик милдет боюнча – 270,5 млн сомго, анализдөө жана эн тамгалоо үчүн жыйымдарды - 7,6 млн сомго, мамлекеттик каттоо үчүн жыйымдары - 32,6 млн сомго, апостил коюу үчүн жыймыдарды - 15,0

млн сомго, атайын эсептин каражаттарын - 3 639,1 млн сомго, айып пулдарды - 620,7 млн сомго, мамлекеттин пайдасына жүгүртүлгөн кирешелерди - 2 100,5 млн сомго, жергиликтүү маанидеги инфра түзүмдөрдү өнүктүрүү жана күтүү боюнча чегерүүлөрдү - 326,1 млн сомго көбөйтүү.

Республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүнө төмөндөгүдөй түзөтүүлөр болжолдонууда:

- берилген бюджеттик ссудалардын жана кредиттердин негизги суммасы боюнча келип түшүүлөрдү - 5 843,7 млн сомго, мамлекеттик менчикти менчиктештирүүдөн каражаттардын келип түшүүлөрүн - 700,0 млн сомго көбөйтүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ссудаларды төлөө - 744,0 млн сомго;
- ЕФСР "COVID-19 пандемия шартында бюджетти колдоо" кредитинин келип түшүүсү - 5 950,0 млн сомго жана Азия өнүктүрүү банкынын "Экономикалык диверсификациялоону колдоо программасы" кредитинин келип түшүүсү - 5 890,5 млн сомго;
- Мамлекеттик инвестициялар кредиттеринин келип түшүүлөрүн - 3 662,6 млн. сомго азайтуу;
- 637,5 млн сом суммасындагы Дүйнөлүк банктын "Натыйжалардын негизиндеги программа" кредитин алып салуу;
- Баалуу кагаздар боюнча келип түшүүлөрдү 3 323,4 млн сомго көбөйтүү.

## РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮ БОЮНЧА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

**2021-жылга республикалык бюджеттин** чыгымдарынын такталган бюджетинин долбоорунда, финансылык активдерди эсепке албаганда **207 400,6 млн сомго** болжолдонгон.

Финансылык активдерди эсепке алуу менен чыгымдар 232 091,6 млн сомду түзгөн, же ИДП 36,1 %, бул болсо, бекитилген бюджеттен (194 283,6 млн сом) 37 808,1 млн сомго жогору, анын ичинен:

**- бюджеттик каражаттар - 177 731,7 млн сомду** түзгөн, ал бекитилген бюджетке (144 215,4 млн сом) салыштырмалуу 33 516,3 млн сомго көбөйүү менен;

**- атайын эсептин каражаттары - 20 189,4 млн сомду** түзгөн, ал бекитилген бюджетке (11 384,9 млн сом) салыштырмалуу 8 804,5 млн сомго көбөйүү менен, **мамлекеттик инвестициялардын каражаттары - 34 170,6 млн сомду** түзгөн, ал бекитилген бюджетке (38 683,3 млн сом) салыштырмалуу 4 512,7 млн сомго азаюу менен.

2021-2023-жылдарга бюджеттик саясаттын башкы артыкчылыгы болгон саламаттык сактоо секторун Бюджеттик резолюция менен каржылоону аныктоодо, саламаттык сактоо боюнча чыгымдар 1500,0 млн сомго көбөйүү менен болжолдонууда, же жалпы чыгымдарга карата 4,3% салыштырма салмак менен.

Ошону менен бирге, абдан көп салыштырма салмак "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүгүнө - 28,5%, "Экономикалык маселелер" – 27,0 % берилген.

"Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүгү боюнча чыгымдар 8 987,1 млн сомго көбөйтүлгөн жана 66 317,2 млн сомго такталган.

"Экономикалык маселелер" бөлүгү боюнча чыгымдар 45 193,2 млн сомго көбөйтүлгөн жана 62 689,3 млн сомго такталган.

Саламаттык сактоо боюнча чыгымдар 6 763,9 млн сомго көбөйтүлгөн жана функционалдык классификациялоо боюнча жалпы чыгымдарга карата 4,3% салыштырма салмак менен, 9 899,7 млн сомго такталган.

"Эс алуу, спорт, маданият жана дин" бөлүгүнө абдан аз чыгымдар болжолдонууда, ал жалпы чыгымдарга карата 1,6%ды түзгөн же 894,7 млн сомго 0,6%га көбөйүү менен.

Билим берүү боюнча чыгымдар 14 024,3 млн сомго көбөйтүлгөн же жалпы чыгымдарга карата 19,2% салыштырма салмак менен, 44 634,6 млн.сомго такталган.

Бюджетти аткаруу процессинде анын аныктыгын тастыктоону талап кылган, кредиттик карызды төлөөгө олуттуу суммалар каралган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку эскертүүлөрүнө карабастан, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн бул максатка чыгымдоо боюнча ченемдерди алып салуу менен, Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 279-беренесине каршы 500,0 млн сомго КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу боюнча чыгымдар сакталган.

## МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАР

### Капиталдык салымдар

2021-жылга бекитилген бюджетте "Капиталдык салымдар" беренеси менен, 3 000 млн. сом суммасындагы каражаттар каралган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесине ылайык, 2021-жылы республикалык бюджеттен каржыланган курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин тизмеси бекитилген.

"Капиталдык салымдар" беренеси боюнча каражаттардын көлөмүн 2 895 млн сомго көбөйтүү болжолдонууда, анын ичинен:

-1 000,0 млн сом – "Кыргызалтын" Ачык акционердик коомунан келип түшкөн дивиденддердин эсебинен республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү эсебинен, Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол (Балыкчы-Барскоон участогу, 0-141.640 км) авто жолун реконструкциялоого Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти үчүн;

- 700,0 млн сом – социалдык объектилерди пайдаланууга берүү жана курулушту аяктоо, республиканын айылдарын жана шаарларын таза ичүүчү суу менен камсыздоо, ирригациялык курулмаларды куруу, ошондой эле авто жолдорун куруу жана реконструкциялоо үчүн;

- 500,0 млн сом – кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы куралдуу кагылышуу учурунда талкаланган, Баткен областындагы социалдык жана чарбалык багыттагы объектилерди калыбына келтирүү үчүн;

- 445,0 млн сом – социалдык объектилерди, ирригациялык курулмаларды, суу менен жабдуу жана авто жол объектилерин куруу жана капиталдык оңдоо үчүн;

- 250,0 млн сом – карыз алуучуларга мамлекеттик колдоо көрсөтүүдөн үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен, мамлекеттик чек ара участкасындагы кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы куралдуу кагылышуу учурунда талкаланган аскер объектилерин куруу жана калыбына келтирүү – оңдоо иштери үчүн.

2021-жылга республикалык бюджеттин такталган планы "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча 5 895 млн сомду түзөт.

## Мамлекеттик инвестициялар

Мамлекеттик инвестициялар программасына 2021-жылга бекитилген бюджет менен 38 683,3 млн сом суммасындагы каражаттардын келип түшүүсү (өздөштүрүлүшү) пландалган, анын ичинен, ички каржылоо (кошо каржылоо) - 1 722,1 млн сом, кредиттер боюнча тышкы каржылоо - 25 188,6 млн сом жана гранттар боюнча - 11 772,6 млн сом.

Өзгөртүүлөрдү киргизүүдө мамлекеттик инвестициялар 34 170,6 млн сом суммасын түзгөн, же бекитилген бюджеттен 4 512,7 млн сомго аз, анын ичинен:

- ички каржылоо 164,7 млн сомго көбөйтүлгөн, же 1 886,8 млн сомду түзгөн;

- кредиттер боюнча тышкы каржылоо 3 662,6 млн сомго кыскарган жана 21 526,0 млн сомду түзгөн;

- гранттар боюнча тышкы каржылоо 1 014,8 млн сомго кыскарган жана 10 757,8 млн сомду түзгөн.

Аткаруучу агенттиктер тарабынан мамлекеттик инвестициялар программаларын өз убагында ишке ашырылбагандыгына байланыштуу, тышкы донорлордон каражаттарын келип түшүүлөрү 4 677,4 млн сомго кыскарган, анын ичинен, кредиттер - 3 662,6 млн сомго жана гранттар - 1 014,8 млн сомго.

Негизинен, мамлекеттик инвестициялар бюджетин кыскартуу, долбоорлорду ишке киргизүү боюнча узакка созулган жол-жоболорго (макулдашуулар күчүнө киргендиги боюнча мамлекеттик ички жол-жоболор: субкредиттик макулдашууга кол коюу, юридикалык корутунду берүү ж.б.у.с.), аткаруучу агенттиктер жүргүзгөн сатып алуулардын жыйынтыктарын кароо процессиндеги кечиктирүүлөр, долбоорлук жана башка документтердин өз убагында даярдалбашы, долбоорлор алкагында подряддык жана субподряддык уюмдар тарабынан иш пландарынын бузулушу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу темпинин жайлашы менен байланыштуу.

Мамлекеттик инвестициялар программасы (МИП) бөлүгүндө:

- гранттык каражаттар 45 көрсөткүч боюнча 3 299,3 млн сомго кыскарган жана 41 көрсөткүч боюнча 2 284,5 млн сомго көбөйгөн;
- кредиттик каражаттар 51 көрсөткүч боюнча 9 236,5 млн сомго кыскарган жана39 көрсөткүч боюнча 5 574,0 млн сомго көбөйгөн.

Расмий трансферттер (гранттар) боюнча киреше бөлүктөн түшүп калуу 1 014,8 млн сомду түзгөн жана тышкы каржылоо (кредиттер) боюнча тартыштыкты жабуу булагынан - 4 667,4 млн сом.

## Программалык жардам (бюджеттик колдоо)

Программалык жардамга келип түшүүлөр, төмөндөгү түзөтүүлөрдүн эсебинен 9 158,5 млн сомго көбөйүү менен, 16 006,9 млн сомго каралган:

(млн. сом)

| № | Программалар | Донор | 2021 (бекитилген) | 2021 (такталган) | Четтөө |
|---|---|---|---|---|---|
| **КРЕДИТТЕР** | | | | | |
| *1* | *Натыйжалардын негизиндеги программа (Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФнын максаттуу каражаттары)* | *ДБ* | *637,5* | | *-637,5* |
| *2* | *Экономикалык диверсификациялоо программасы* | *АӨБ* | | *5 890,5* | *5 890,5* |
| *3* | *COVID-19 пандемиясы шартында бюджетти колдоо* | *ЕФСР* | | *5 950,0* | *5 950,0* |
| **Кредиттердин жыйынтыгы** | | | **637,5** | **11 840,5** | **11 203,0** |
| **ГРАНТТАР** | | | | | |
| *1* | *Натыйжалардын негизиндеги программа (Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФнын максаттуу каражаттары)* | *ДБ* | *106,3* | | *-106,3* |
| *2* | *Экономикалык диверсификациялоо программасы* | *АӨБ* | *4 250,0* | *909,5* | *-3 340,5* |
| *3* | *Билим берүү секторун реформалоо* | *АӨБ* | *680,0* | *680,0* | *0,0* |
| *4* | *Билим берүү секторун колдоо* | *ЕК* | *720,0* | *663,9* | *-56,1* |
| *5* | *Санариптештирүүнү өнүктүрүү* | *ЕК* | *561,0* | *1 075,3* | *514,3* |
| *6* | *Бюджеттик колдоо* | *РФ* | | *837,8* | *837,8* |
| **Гранттардын жыйынтыгы** | | | **6 211,0** | **4 166,4** | **-2 044,5** |
| **Программалык жардам боюнча бардыгы** | | | **6 848,5** | **16 006,9** | **9 158,5** |

Натыйжада, гранттар боюнча тышкы донорлордон программалык жардамга каражаттардын келип түшүүсү 2 044,5 млн сомго азайган, ошону менен бирге, кредиттер боюнча 11 203,0 млн сомго көбөйгөн.

Түшүндүрмө катка ылайык, 2021-жылга программалык жардамдын алкагында пландалган келип түшүүлөр боюнча, түзөтүүлөр төмөндөгү себептер боюнча жүргүзүлгөн:

- бул программа боюнча мурда бөлүнгөн 394,5 млн сом өлчөмүндөгү авансалык төлөм, Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ тарабынан төлөө менен байланышкан индикаторлор боюнча толук эмес өздөштүрүү менен байланыштуу, Дүйнөлүк банктын 106,3 млн. сом суммасындагы "Натыйжалардын негизиндеги программа" гранты алынып салынган;

- бул программанын реформалардын саясаты матрицасы боюнча бир шарт, атап айтканда, "2020-жылга Улуттук квалификациялык системаны жайылтуу боюнча Иш-аракеттер планына ылайык, 95%дан кем эмес иш-чараларды ишке ашыруу керек 4.1 "Улуттук классификациялык тутум иштелип чыккан, адаптацияланган жана жайылтылган" индикатору Аткаруу агенттиги (Билим берүү жана илим министрлиги) тарабынан аткарылбай калгандыгына байланыштуу, Европа Биримгинин "Кыргыз Республикасынын билим берүү секторунда реформаларды жүргүзүү боюнча контракт" гранты 56,1 млн сомго азайтылган;

- Азия өнүктүрүү банкынын "Экономикалык диверсификация программасы" гранты 3 340,5 млн сомго азайтылган;

- Азия өнүктүрүү банкынын 5 890,5 млн сом суммасындагы "Экономикалык диверсификацияны колдоо программасы" кредитинин жана ЕФСРдин 5 950,0 млн сом суммасындагы "COVID-19 пандемия шартында бюджетти колдоо" кредитинин келип түшүүсү каралган;

- Европа Бирлигинин "Кыргыз Республикасындагы санариптештирүү секторунда реформа жүргүзүү боюнча контракт" грантын 514,3 млн сомго көбөйтүү каралган. Грант суммасын көбөйтүү, 2020-жылга авансалык төлөм суммасын ЕБ бөлүүсү менен шартталган;

- 2021-жылы бюджетти колдоого багытталган, Россия Федерациясынын кайтарымсыз жардамын көрсөтүү жөнүндө Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жетекчилигинин жетишилген сүйлөшүүлөрүнө байланыштуу, 2021-жылдын майында Россия Федерациясынын Финансы министрлиги 837,81 млн. сом (10,0 млн. АКШ доллары) өлчөмүндөгү каражаттарды чегерген.

Пландалган көлөмдө программалык жардамдын келип түшүүсү, Кыргыз Республикасы тарабынан бир катар түзүмдүк реформаларды жана программалык шарттарды аткарууга жана аткаруу агенттиги тарабынан реформалар саясатынын матрицаларынын шарттарынын мүмкүн болуучу аткарылбай калышына байланыштуу, белгилүү бир тобокелдиктер менен байланышкандыгына жараша болот.

Такталган бюджетте программалык жардамга кредиттик каражаттар 2 044,5 млн сомго азайтылган. Олуттуу өзгөрүү Азия өнүктүрүү банкынын "Экономикалык диверсификация программасы" грантын 3 340,5 млн сомго азайтуу эсебинен долбоорлонууда, бекитилген бюджет менен 4 250,0 млн сомго пландалган, такталган бюджет менен 909,5 млн сомго болжолдонууда.

*Азия өнүктүрүү банкынын "Экономикалык диверсификация программасынын" гранттардын 3 340,5 млн. сомго азайтуу бөлүгүндө, жана 5890,5 млн.сомго кредиттердин көбөйтүү компоненттеринин өзгөртүү себебин аныктоо жана эсептик кошумча чыгымдарды алып келген, келерки 16 жылга 1156,0 млн.сомго аны тейлөө боюнча тиешелүү документтер жана түшүндүрмөлөр берилбегендигине байланыштуу аныктоо жүргүзүү мүмкүн болгон жок.*

Программалык жардамга расмий трансферттер (гранттар) боюнча киреше бөлүктөн түшүп калуу 2 150,8 млн сом суммасын түзгөн, анын ичинен, 3 программа боюнча - 3 502,9 млн. сомго азайган жана 2 программа боюнча 1 352,1 млн. сомго көбөйгөн.

**Кредиттер, ссудалар, займдар**

"Кредиттер, ссудалар, зайымдар" беренеси боюнча кошумча 3 474,7 млн сом каралган, анын ичинде:

- "Мамлекеттик ипотекалык компаниясы" ААКсына турак жай программасын ишке ашыруу максатында кошумча 150,0 млн сом каралган;
- "Электр станциялары" ААКсына импорттук электр энергиясын төлөөгө жана Бишкек жана Ош шаарларынын жылуулук станциялары үчүн отун ресурстарын сатып алууга 2 950,0 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит каралган;
- "Кыргызжылуулукэнерго" МИна "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын алдындагы кредиттик карызын төлөө үчүн 200,0 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит берилген;
- "Бишкекжылуулукэнерго" КИна "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын алдындагы карызын төлөө үчүн 150,0 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит берилген;
- Тажик чек арасындагы жабыркагандарга келтирилген зыяндын ордун толтурууга карата жабыр тарткан 76 ишкерге 15,2 млн сом бюджеттик кредит каралган;
- Жаратылыш кырсыктарын жоюу боюнча иш-чараларга 9,5 млн сом каралган.

*Болжолдонгон бюджеттик кредиттердин көлөмдөрүнүн ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн талдоо үчүн зарыл болгон суммага экономикалык эсептөөлөр жана тастыктоочу документтер берилген эмес. Ушуга байланыштуу, талдоо жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.*

*Утурлама фондунун эсебинен бюджеттик кредиттерди төлөөнүн мөөнөттөрү жана суммалары боюнча талдоо жүргүзүү үчүн маалымат берилген жок,* ал эсепке алуу баланстан тышкаркы эсептерде жүргүзүлөт жана "2021-жылга республикалык бюджет жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын ЭФМ Борбордук казыналыгы тарабынан берген маалыматка ылайык, 30.09.2021-жылдагы абал боюнча утурлама фонддун эсебиндеги каражаттын калдыгы 3 503,3 млн сомду түзөт, анын ичинен:

негизги сумма - 2 886,9 млн сом жана пайыздар жана айып пулдар боюнча - 616,4 млн сом.

Жыйынтыгында, 2021-жылга такталган республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнө 616,5 млн сом эсепке алынган эмес, бул КР Бюджеттик кодексинин 47-беренесине ылайык эсепке алынбаган бюджеттик резервдер жөнүндө күбөлөндүрөт.

Башкача айтканда, киреше бөлүгүн 616,5 млн сомго жана 2021-жылга финансылык активдерди 2 886,9 млн сомго көбөйтүү резервдери бар.

## Резервдик фонддор

Бюджеттик кодекстин 25-беренесине ылайык, кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фонддорун түзүү каралган. Көрсөтүлгөн беренени бузуу менен, 2021-жылга бюджеттин долбооруна корутунду берүүдө Эсептөө палатасынын эскертүүлөрүнө карабастан, төмөнкүлөр каралган:

- райондук мамлекеттик администрациялардын **акимдеринин резервдик фонду үчүн -** 30,0 млн сом.
- **Кыргыз Республикасынын Президентинин областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонду үчүн** - 30,0 млн сом.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Юстиция министрлигинде өзүнчө юридикалык жак катары каттоодон өткөн эмес жана өзүнүн аппараты жок. Министрлер Кабинетинин аппаратын күтүүгө чыгымдар “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты” (14110) Бюджеттик классификациясынын ведомстволук классификациясынын 14-бөлүмүндө (14810) 67,5 млн сомго салынган. Өзүнчө юридикалык жак катары жок болгонуна карабастан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын Резервдик фонду мыйзам долбоорунун 14-бөлүмү боюнча ведомстволук классификацияда 30,0 млн сом суммасында каралган.

## Бюджеттин тартыштыгы

**2021-жылга республикалык бюджеттин тартыштыгы** 19 211 млн. сомго же, бекитилген бюджетке (8 463,2 млн. сом) салыштырмалуу 10 747,8 млн. сомго көбөйүү менен 3% ИДПга болжолдонууда.

2021-жылга бюджеттин тартыштыгын жабууга төмөндөгүлөр боюнча кошумча булактар каралган:

- **ички булактар боюнча** бекитилген бюджеттен 3134,3 млн.сомго көбөйүү менен, 2002,4 млн. сом оң калдык болжолдонууда;
- **тышкы булактар боюнча** бекитилген бюджеттен 7613,5 млн.сомго көбөйүү менен, 17 208,5 млн. сом оң калдык болжолдонууда.

Бюджеттин ресурстук бөлүгү 3 323,4 млн. сомго Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздарын жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүн 18 723,4 млн. сомго чейин көбөйтүүнү камсыз кылуу болжолдонууда.

(млн. сом)

| Келип түшүү булактары | 2021-жыл (бекитилген) | 2021-жыл (такталган) | Четтөө |
|---|---|---|---|
| МКВ чыгаруу | 2 450,0 | 1 050,0 | - 1 400,0 |
| МКО чыгаруу | 12 950,0 | 17 673,4 | 4 723,4 |
| **Бардыгы** | **15 400,0** | **18 723,4** | **3 323,4** |

Мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүн көбөйтүү, ресурстардын жана программалык жардамдын жеткире түшпөшү менен байланыштуу. Мында, такталган бюджетте мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүн көбөйтүү, келечекте аларды тейлөө боюнча тиешелүү чыгымдарды алып келген, такталбаган эсептөөлөрсүз жана негиздемелерсиз долбоорлонууда.

Корутунду Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор: Г.К. Жумагулова (топтун жетекчиси), Г. Дж. Ашимова, А.Ж. Жакшылыков, мамлекеттик инспекторлор: У.А. Байтереков, А. Т. Ибраев, А. Э. Исаков, А.Н. Кудайбердиев, аналитик А.Т. Турдуева турган аудитордук топ тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**